DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Рыскулбеков И.А., Ташманбетов Т.Т.*

## ТАЛАС ОБЛУСУНУН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН ӨНҮГҮШҮНДӨ АЙЫЛ ЧАРБА КООПЕРАТИВДЕРДИН МААНИСИ ЖАНА ӨНҮГҮҮ БАГЫТТАРЫ

*Рыскулбеков И.А., Ташманбетов Т.Т.*

## РОЛЬ И НАПРАВЛЕНИЯ РАЗВИТИЯ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫХ КООПЕРАТИВОВ В РАЗВИТИИ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

*I. Ryskulbekov, T. Tashmanbetov*

## THE ROLE AND DIRECTIONS OF DEVELOPMENT OF AGRICULTURAL COOPERATIVES IN THE DEVELOPMENT OF AGRICULTURE IN THE TALAS REGION

*УДК: 332.14*

*Талас облусундагы айыл чарба кооперацияларынын айыл чарбасынын өнүгүүсүндөгү орду жана багыттары изилденет, чарбалык субъектилердин чарба жүргүзүү боюнча уюштуруунун формаларын жакшыртуунун зарылчылыгы негизделет, айыл чарбасынын өнүгүүсүндө айыл чарба кооперацияларынын орду, кооперативдерди өнүктүктүү аркылуу агрардык тармакка өндүрүштүн жана эмгектин жаңы формаларын киирүү көйгөйлөрү, айыл чарба өндүрүшүн жогорулатууда жана айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүүдө кооперативдердин мааниси жанан анын ролу каралат. Талас облусунун айыл чарба кооперативдеринин калыптанышынын жана өнүгүшүнүн көйгөйлөрү каралат. Кыргыз Республикасынын жана Талас облусунун айыл чарбасынын өнүгүшүн мүнөздөй турган статистикалык маалыматтарын талдоонун негизинде айыл чарбасынын өнүгүш темптеринин төмөндүгүнүн себептери аныкталат жана анын туруктуу өнүгүшүн камсыздоодо айыл чарба кооперативдеринин ролу көрсөтүлөт. Талас облусундагы дыйкан жана фермердик чарбаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу көйгөйлөрү изилденет. Айыл чарба кооперацияларынын түзүлүшү жана өнүгүү тенденцияларын талдоонун негизинде Талас облусунун шартында айыл чарба кооперативдерин өнүнүктүү боюнча илимий сунуштар иштелип чыгылат.*

***Негизги сөздөр:*** *кооперативдер, фермердик чарба, айыл чарба кооперативи, айыл чарба продукциясы, товар өндүрүүчүлөр, аймактык экономика, чарба натыйжалуулугу, каржылык камсыздоо, айылдык аймактар.*

*Исследуются роль и направления сельскохозяйственных кооперативов в развитии сельского хозяйства Таласской области, обоснована необходимость совершенствования форм организации хозяйствующих субъектов, роль сельскохозяйственных кооперативов в развитии сельского хозяйства, проблемы внедрения новых форм производства и рабочая сила в сельскохозяйственном секторе. Исследуются современное состояние развития сельского хозяйства Кыргызской Республики и Таласской области, рассматриваются проблемы формирования и развития сельскохозяйственной кооперации Таласской области. На основе анализа статистических материалов, характеризующей состояние развития сельского хозяйства Кыргызской Республики и Таласской области за период 2010-2019 гг., были определены причины низких темпов развитиясельского хозяйства, показана роль сельскохозяйственных кооперативов в обеспечении устойчивых темпов его развития. Также исследуются значение кооперативов и их роль в увеличении сельскохозяйственного производства, проблемы повышения эффективности фермерских хозяйств и фермерских хозяйств Таласской области. На основе анализа тенденций формирования и развития сельскохозяйственных кооперативов будут разработаны научные рекомендации по развитию сельскохозяйственных кооперативов в условиях Таласской области.*

***Ключевые слова:*** *кооперативы, фермерское хозяйство, сельскохозяйственные кооперативы, сельскохозяйственная продукция, товаропроизводители, региональная экономика, хозяйственная эффективность, финансовое обеспечение,, сельские районы.*

*The role and directions of agricultural cooperatives in the development of agriculture in the Talas region are investigated, the need to improve the forms of organization of economic entities, the role of agricultural cooperatives in the development of agriculture, the problems of introducing new forms of production and labor force in the agricultural sector are substantiated. The importance of cooperatives and their role in increasing agricultural production, problems of increasing the efficiency of farms and farms in Talas region are also investigated. Based on the analysis of trends in the formation and development of agricultural cooperatives, scientific recommendations for the development of agricultural cooperatives in the Talas region will be developed.*

***Key words:*** *cooperatives, farming, agricultural cooperatives, agricultural products, commodity producers, regional economy, economic efficiency, financial security, rural areas.*

Биздин өлкөбүздүн калкынын тамак ашка болгон керектөөлөрүн канаттандырууда жана өнөр жай өндүрүшүн чийки заттар менен камсыз кылууда айыл чарбасынын мааниси өтө чоң болуп эсептелет. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн экономикалык саясатында айыл чарба өндүрүшүн реформалоо жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча кийинки мезгилде бир катар чечимдер кабыл алынганын белгилеп коюуга тийишпиз.

Талдоолор көрсөткөндөй, ошонун негизинде, акыркы мезгилде өлкөбүздүн айыл чарба өндүрүшү ыраттуу темптер менен өнүгүп келе жатат деп айтууга болот. Статистикалык маалыматтар көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасы боюнча 2019-жылы 2015-жылга салыштырганда айыл чарба өндүрүшүнүн дүң продукциясы 12,2 пайызга өсүп,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



2019-ж. 220958,0 млн. сомду түздү. Ал эми Талас облусунда айыл чарбасы өндүргөн дүң продукциянын наркы 2015-2019-жылдарда 12,7 пайызга өсүп, 2019-жылы 20017,7 млн. сомду түздү [1]. Бирок, жогорудагы көрсөтүлгөн айыл чарба продукциясынын дүң өнүмүнүн өсүш темптеринин негизги себептери болуп, экстенсивдүү факторлор, башкача айтканда мал чарбачылыгында коомдук малдын башынын көбөйүшү жана талаачылыкта кымбат баадагы продукциялардын үлүшүнүн жогору болгондугу менен түшүндүрүлөт. Ал эми, айыл чарба продукцияларынын өсүшүнүн физикалык индексин карай турган болсок, 2015-2019-жылдардагы жылдык орточо өсүш темпи 103,4 пайызды түздү [2].

Ушуга байланыштуу, азыркы учурда өлкөбүздүн айыл чарба өндүрүшүн интенсивдештирүү жана аны натыйжалуулугун жогорулатуунун негизинде айыл чарба продукцияларынын өсүш темптерин мындан ары жогорулатуу чоң мааниге ээ болот деп айтууга болот жана бул милдеттерди иш жүзүнө ашыруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн негизги стратегиялык багыттарынан болуп эсептелет. Алсак, биздин өкмөтүбүз тарабынан кабыл алынган 2018-2040-жылдардагы Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн стратегиясында белгиленгендей, «Айыл чарба чөйрөсүндө негизги саясат – бул Кыргыз Республикасынын калкын сапаттуу азык түлүк менен камсыздоо жана тармактарды жогорку сапаттагы экологиялык жактан таза, органикалык, тоо продукцияларын дүйнөлүк жана регионалдык рынокко жеткирүүчүгө айландыруу. Мамлекеттик колдоо айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана кайра иштетүү менен алектенген ири айылдык ишканаларга, фермердик чарбаларга жана кооперативдерге багытталат, жогорку кошумча наркты түзөт» [3].

Азыркы мезгилде Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшүндө иштеп жаткан ишканалар ар кандай менчик формасына негизделгени менен, анын жалпы түзүмүндө жеке дыйкан чарбаларынын жана жеке ишкерлердин үлүшү басымдуулук кылат.

Тактап айтканда, 2019-жылы республикабыздын айыл чарба өндүрүшүндө иштеген чарбалардын жалпы саны 452803 ди түзсө, анын ичинен 75,6 пайызын дыйкан жана фермердик чарбалары жана 24,3 пайызын жеке ишкерлер түзөт. Бирок, белгилеп кетүүчү нерсе, ошол дыйкан чарбалардын жана жеке ишкерлердин өндүрүшүнүн көлөмдөрү жана жер үлүштөрү жагынан өтө эле чакан болгондугуна байланыштуу алардын келечек өнүгүүсүндө жана өндүрүштүн көлөмүн келечекте жогорулатууда белгилүү кыйынчылыктар туулуп, алардын шартында айыл чарба өндүрүшүндө интенсивдүү технологиялык ыкмаларды колдонуу жана эмгек процесстерин механизациялаштыруу жакшы натыйжаларды бербегендигинде болуп жатат.

Анткени, өндүрүштүн азыркы заманбап өнүгүү шарттарында айыл чарба өндүрүшүнө илимдин жана техниканын жаңы жетишкендиктерин колдонуу аркылуу жана жерди иштетүүдө механизациялаштырылган технологияларды колдонуу керектиги зарыл экендигин турмуш көрсөтүп олтурат.

Жогорудагы көрсөтүлгөн технологияларды колдонуу чакан дыйкан чарбалардын өнүгүү шартына туура келбегендигине жана көбүнчө адам эмгеги колдонулгандыгына байланыштуу өндүрүлгөн продукциянын өзүнө турган наркы жогору болуп, өзүн өзү актабай турган деңгээлге жетүүдө.

Ошондой эле айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө, жерди иштетүүдө жер аянтынын өтө эле чакандыгы өсүмдүк өстүрүүчүлүктө агротехникалык иш чараларды жана мал чарбасында зооветеринардык иш чараларды жүргүзүү жетишерлик жыйынтыкка алып келбей тургандыгын практика тарабынан эчак эле далилденген. Жогоруда көрсөтүлгөн койгойлорду эске алуу менен, азыркы учурда айыл чарба өндүрүшүндө чарбалык уюштуруу механизмдерин жакшыртуунун негизинде чакан фермердик жана дыйкан чарбаларын ирилештирүү боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүү максатка ылайыктуу болуп жатат. Ушул багытта, кийинки мезгилде өлкөбүздүн айыл чарбасында айыл чарба кооперативдерин уюштуруу маселесин колго алуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Бүгүнкү күндө, Кыргызстанда айыл чарбасында чарбаларды уюштуруунун жана алардын ортосундагы өз ара кызматташуунун эң өнүккөн формасы болуп, айыл чарба кооперациясы болуп саналат. Практика көрсөткөндөй, айыл чарба кооперативдерин түзүүдө айыл чарба өндүрүүчүлөрү өндүрүштүк каражаттарды жана жер үлүштөрүн кооперативдик негизде биргелешип кооперативдик чарба уюштурууга багыт алат жана ошонун негизинде, алардын өндүргөн продукциялары ортомчусу жок сатылууга мүмкүнчүлүк түзүлөт десек жаңылышпайбыз.

Ушуга байланыштуу азыркы учурда фермерлерди бириктирүү үчүн «керектөө кооперативдери» түзүлүүдө. Башкача айтканда, азыркы фермерлер, негизинен керектөөчү кооперативдерге, же болбосо айыл чарба шаймандарын биргелешип пайдалануу жана иштетүү үчүн түзүлгөн кооперативдерге кайра түзүлүүсү максатка ылайык болууда жана алардын негизги максаты: биргелешип жер семирткичтер менен үрөөндөрдү сактоо, кайра иштетүү, маркетинг, сатуу боюнча жана башка иштерди аткаруу болуп эсептелет. Бирок, ал кооперативдердин саны азыркы убакта өтө эле аз болуп жатат.Төмөнкү таблицада

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өлкөбүздүн айыл чарбасында түзүлгөн айыл чарба ишканаларынын саны талданат (табл. 1.).

*Таблица 1*

**Кыргызстан боюнча айыл чарбасында иш жүргүзүп жаткан чарба субъектилеринин саны**

| № | Чарба жүргүзүүчү субъекттердин түрлөрү | Жылдар | | | | | 2019-ж. 2015-жылга пайыз менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | |
| 1. | Бардыгы | **401423** | **415509** | **429291** | **440316** | **453 127** | 112,9 |
| | Анын ичинен: | | | | | | |
| 2. | Айыл чарбасы | 401350 | 415433 | 429217 | 440055 | 452803 | 112,8 |
| | Анын ичинен: | | | | | | |
| 2.1. | - мамлекеттик чарба | 38 | 33 | 27 | 26 | 31 | 81,6 |
| 2.2. | - коллективдик чарба | 518 | 481 | 460 | 427 | 464 | 89,6 |
| 2.3. | - дыйкан (фермер) чарбасы | 300245 | 312833 | 323245 | 332909 | 342153 | 113,9 |
| 2.4. | - жеке ишкерлер | 100549 | 102086 | 105485 | 106693 | 110155 | 109,6 |

***Статистикалык жыйнак:*** Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2015-2019-жж., Жылдык басылмалар, Бишкек,2020, 35 бет; //www.stat.kg//.

Таблицадагы маалыматтар көрсөткөндөй, 2015-2019-жылдарда өлкөбүздүн айылдык жерлериндеги чарба жүргүзүүчү субъектердин саны 12,9 пайызга өсүп, 2019-жылы 453,1 миңди түздү, анын ичинен айыл чарбасы боюнча иштеген чарбалар 452,8 миңди түздү. Анын ичинен дыйкан чарбаларынын саны 342,2 миңди, жеке ишкерлердин саны 110,2 миңди түзду.

Бирок, коллективдик чарбалардын саны 464тү түзүп, 2015-жылга караганда 10,4 пайызга төмөндөп кеткен. Жогорудагы көрсөтүлгөндөй, айыл чарбасындагы кооперативдик чарбалардын саны азайып бара жаткандыгы албетте жакшы көрүнүш катары кароого болбойт. Мындан, азыркы учурда өлкөбүздө жергиликтүү ишкерлер айыл чарба кооперативдеринин өнүгүшүнө жакшы маани бербей жаткандыгын көрүүгө болот.

Ушуга байланыштуу 2017-жылы Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан айыл чарба кооперативдерин өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасында 2017-2021-жылдарга айыл чарба кооперативдик системасын өнүктүрүү концепциясын иштеп чыккан жана бекиткен. Аталган Концепциянын максаты - Кыргыз Республикасында айыл чарба кооперативдерин өнүктүрүү аркылуу айыл чарба өндүрүшүн мындан ары өнүктүрүү жана ошонун негизинде өлкөбүздүн 2021-жылга чейинки социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү болуп эсептелет.

Концепцияда белгиленгендей, коюлган максаттарды ишке ашырууда төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу каралат. Алар төмөнкүлөр болуп эсептелет: айыл чарба кооперативдеринин натыйжалуу иштөөсү үчүн жагымдуу укуктук базаларды жана шарттарды түзүү; чарба жүргүзүүнүн кооперативдик формасынын өнүктүрүү максатында каржылык жана насыялык колдоо механизмдерин өркүндөтүү; айыл чарба кооперативдердин артыкчылыктарын көрсөтүү максатында кооперативдик башкаруу механизмдеринин формаларын иштеп чыгуу жана сунуштоо, маалымат-кенеш берүүчү жана окуу борболорун уюштуруу.

Жогорудагы иш чараларды уюштуруу эки этап аркылуу ишке ашыруу каралган. Биринчи этапта, башкача айтканда 2017-2018-жылдарда, айыл чарба өндүрүшүнө өбөлгө түзө турган маселелерди чечүү, башкача айтканда, айыл чарба кооперативдерин укуктук жактан колдоо боюнча нормативдик документтерди иштеп чыгуу жана аны бекитүү, каржылык-насыя булактарын аныктоо жана аларды ишке киргизүү болуп эсептелет. Экинчи этапта, же болбосо 2019-2021-жылдарда, айылдык жерлерде айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү, тейлөө кызматын көрсөтүүчү, насыя берүүчү жана сатуу чөйрөсүндө иштөөчү кооперативдерин түзүү каралган.

Бирок, аталган концепциянын иш жүзүнө ашырылышы белгилүү себептер менен толук ишке ашпай калды десек болот. Себеп дегенде, аталган мезгилде ишке ашырылуучу иш чараларга жетишерлик каржы булактары жетпей калгандыгына байланыштуу айыл чарба кооперативдерин түзүү бир топ кыйынчылыктарды туудурган. Экинчиден, иштеп жаткан айыл чарба кооперативдердин экономикалык көрсөткүчтөрүнүн төмөндүгү жана аларга каржылык жана насыялык жактан колдоо дагы толук болбой калгандыгына байланыштуу, алардын иш жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары күткөндөгүдөй болбой калгандыгында. Ушундай шарттарда, айыл чарба кооперативдеринин мында ары өнүгүүсү үчүн кандай иш чараларды жүргүзүү керек, башкача айтканда, айыл чарба кооперативдерин мындан ары өнүктүрүүнүн кандай жол-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дору бар. Бул суроого жооп берүү үчүн эң башкысы азыркы убактагы айыл чарбасында иш жүргүзүп жаткан дыйкан жана фермердик чарбалардын чакан болсо да, алар жер ээлери болгондуктан, алар чарба жүргүзүүнүн башка жаны ыкмаларына ишенбестик менен мамиле кылышат.

Себеби, алар өздөрүнүн чарбасынын жана менчиктеги жерлерин жоготуп коюудан коркушат. Мына ушундай шарттарда, биздин оюбузча, айыл чарба кооперативдеринин ишинин жыйынтыктары иштеп жаткан дыйкан жана фермердик чарбалардан жакшы жыйынтык берерин, же болбосо алардын артыкчылыгын иш жүзүндө далилдеши керек. Айыл чарба кооперативдери, өндүрүштү уюштуруу жана эмгекти пайдалануу, өндүрүш каражаттарын иштетүүнүн жакшы үлгүлөрүн көрсөтүү керек. Мына ошондо гана айыл чарбасындагы азыркы дыйкан жана фермердик чарбаларды кооперативдик чарбаларга кайра уюштурууга жетишсек болот.

Бул багытта, азыркы учурда биздин оюбузча, Талас облусунун ар бир районунда айыл чарбасында пилоттук, же болбосо үлгү боло турган айыл чарба кооперативдерин түзүү зарыл. Бул айыл чарба кооперативдердин иш жүргүзүү багыты негизинен айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү жана алардын өндүргөн продукцияларын ички жана тышкы рынокто сатуу багытында түзүлгөн кооператив болуусу керек. Экинчиден, ал кооперативдердин иш жүргүзүүсүнө мамлекеттик жактан колдоо көрсөтүү зарыл.

Бул багытта аларга салык төлөмдөрүнө жеңилдиктери киргизүү жана жана аларга коммерциялык банктар тарабынан жана башка каржы булактарынан үстөк пайызы төмөн болгон женилдик насыяларды берүү каралышы керек. Ошонун негизинде, качан гана айыл чарба кооперативдерине биригишкен дыйкан чарбаларынын өндүрүштүк жана сатуу ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, жеке дыйкан жана фермердик чарбаларга караганда пайдалуу болуп, өндүрүш процесстеринде негизги фондуларды жана техникаларды пайдалануу жакшы натыйжа бергенде гана, алар ыктыярдуу түрдө айыл чарба кооперативдерине биргише баштайт десек болот.

Талдоолор көрсөткөндөй, азыркы учурда айыл чарба кооперативдеринин иш жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары жакшы болуп жатат дегенден алыспыз. Алсак, 2019-жылы айыл чарба кооперативдери тарабынан өндүрүлгөн продукциялардын наркы 3474,8 млн. сомго барабар болуп, жалпы айыл чарба продукциясындагы анын үлүшү 1,62 пайызды түздү, Алардын өндүргөн продукцияларынын көлөмү 2015 жылга салыштырганда 15,7 пайызга өстү. Эгерде бир чарба субъекттеринде өндүрүлгөн продукциялардын көлөмүн карай турган болсок, 2019-жылы бир коллективдик чарбага туура келуучу дүң продукциянын көлөмү 7,49 млн. сомду түзсө, ал эми бул көрсөткүч дыйкан чарбалары боюнча 0,29 млн. сомду түздү, башкача айтканда бул көрсөткүч дыйкан чарбаларына караганда 25,8 эсеге чоң болду. Эгерде айдоо аянттары боюнча алардын көрсөткүчтөрүн талдай турган болсок, 2019-жылы коллективдик чарбалардын бир чарбага эсептегендеги айдоо жерлеринин аянты 79,3 га ны түзсө, ал эми дыйкан чарбаларынын бир чарбага туура келүүчү айдоо жер аянты 3,12 ганы түзгөн, башкача айтканда коллективдик чарбалардын көрсөткүчү 25,4 эсеге көптүк кылат [4].

Демек, жогорудагыдан төмөнкүдөй жыйынтык чыгарса болот, коллективдик чарбалардын саны азайганы менен, алардын өндүргөн продукциясынын көлөмү жылдан жылга өсүп бара жаткандыгын жана ошондой эле бир чарбага туура келүүчү продукциялардын көлөмдөрү да өсүп бара жаткандыгын байкоого болот. Ушунун өзү эле, коллективдик чарбалардын жеке дыйкан жана фермердик чарбаларга караганда иш жүргүзүүдөгү артыкчылыктарынын далили болуп саналат.

Мына ошондуктан, азыркы учурда Кыргыз Республикасында айыл чарбасындагы өндүрүштүн көлөмүн жана аны өнүктүрүүнүн темптерин жогорулатуудагы багыттардын бири болуп, айыл чарбасында иш жүргүзүүнүн жаны формаларын, башкача айтканда айыл чарба кооперативдерин өнүктүрүү болуп эсептелет жана аларды өлкөбүздүн айыл чарбасына жайылтуу Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн милдеттеринен болуп саналат.

**Адабияттар**:


1. Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2015-2019-жж., Жылдык басылмалар, Бишкек, 2020, 25,27-беттер; //www.stat.kg//
2. Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2015-2019-жж., Жылдык басылмалар, Бишкек, 2020, 35-бет; //www.stat.kg//.
3. 2018-2040-жылдардагы Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, Бишкек, 58-бет;// https: // docviewer.yandex.ru//
4. Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2015-2019-жж., Жылдык басылмалар, Бишкек, 2020, 24, 29-беттер; //www.stat.kg//.
5. Айыл чарба кооперативдик кыймылын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программа жөнүндө // Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек, 24.12.2002-ж., №875 //https://www.yumpu. com/xx/ document/ view/ 31691107/-ca-water-info
6. Кыргыз Республикасында айыл чарба кооперативдик системасын 2017-2021-жылдарга өнүктүрүүнүн концепциясын бекитүү жөнүндө //Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек, 21.04.2017, №237;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



7. Ташманбетов Т.Т. Развитие сельскохозяйственных коопераций в Таласской области. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 5. С. 86-88;
8. Ташманбетов Т.Т. Проблемы развития сельского хозяйства Таласской области. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 33-36.